**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАС
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**« 08 »-октябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш
кезектеги XVII сессия**

**ТОКТОМ** **№13** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаардык депутаттар кеңешинин X чакырылышынын 07.07.2025-жылдагы кезексиз X сессиясынын №3 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.06.2007-жылдагы №243-токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү Жобого ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 06.10.2025-жылдагы чыг.№01-18/6199 сандуу катын жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясы карап чыгып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаардык депутаттар кеңешинин X чакырылышынын 07.07.2025-жылдагы кезексиз X сессиясынын №3 токтомунун №1 тиркемесине өзгөртүү киргизилсин.
2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**

Манас шаардык
депутаттар кеңешинин
08-октябрь 2025-жылдагы
кезектеги XVII сессиясынын
№13-токтомуна №1-тиркеме

**Манас шаарынын аймагында жайгашкан айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун (КБФ) жерлерин ижарага берүү боюнча комиссиянын курамы:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | И.Алмаматов | -Манас шаардык депутаттар кеңешинин депутаты, комиссиянын төрагасы; |
| 2. | Б.Маматжанов | -Манас шаарынын мэриясынын жергиликтүү экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы; |

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

| | | |
|---|---|---|
| 3. | К.Иманалиев | -Манас шаарынын мэринин биринчи орун басары; |
| 4. | Н.Аширбаева | -Манас шаардык депутаттар кеңешинин депутаты; |
| 5. | Н.Орозалиев | -Манас шаардык депутаттар кеңешинин депутаты; |
| 6. | Э.Омошев | -Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысынын орун басары; |
| 7. | А.Эргешов | -Жалал-Абад облусунун Сузак райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын инженери; |
| 8. | А.Сатвалдыев | -Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын айыл чарба бөлүмүнүн башкы адиси; |
| 9. | Т.Джээнбеков | -Т.Тайгараев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыгынын башчысы; |
| 10. | М.Алтыбаева | -М.Конгантиев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыгынын башчысы; |
| 11. | Б.Мурзаханов | -Т.Тайгараев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыгынын жер адиси; |
| 12. | Р.Аскаров | -М.Конгантиев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыгынын жер адиси; |

**Жооптуу катчы** **Осмонова Г.О.**